**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЫЛАЙ-ТАЛАА**

Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги XV сессиясынын жыйынынын

# ТОКТОМУ

2024-жылдын 26 - январы, № 15/7 Ылай-Талаа айылы.

## "НУР Телеком" ЖЧКнун базалык станциясын жайгаштыруу үчүн жер тилкесин убактылуу ижарага берүү жөнүндө

Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Шаркыратма айылындагы мектептин маңдайындагы дөңсөөдөгү таштак жайыт жерден "НУР Телеком" ЖЧКнун базалык станциясын жайгаштыруу үчүн жер тилкесин убактылуу ижарага берүү боюнча Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Шаркыратма айылындагы мектептин маңдайындагы дөңсөөдөгү таштак жайыт жерден "НУР Телеком" ЖЧКнун базалык станциясын жайгаштыруу үчүн **6,0 (алты)** чарчы метр жер тилкеси мөөнөттүү келишимдин негизинде чектелип убактылуу ижарага берилсин.

2. Жогорудагы аты аталган жер тилкесине тиешелүү документтерин даярдап бүтүрүп, келишим түзүү жагы Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жолдошовго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айылдык Кеңешинин агрардык, азык-түлүк, айыл жана суу чарбасы, жерге жайгаштыруу, жер жана жер ресурстары, экология жана жаратылышты коргоо боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы М.Исабаев) тапшырылсын

**Төрага** **Н.Айтбаев**